№ 37 Ганыева Аймыскал Ырысбаевна

# Эмгек миграциясы жакшыбы же жаманбы?
# Айылдык мугалимдин көз карашы

Таң эртең туруп, айыл четинен бир аз бийктиктен айылдын жапжашыл бак-дарактары, адамдардын кобур-собур үнү угулуп, айылдын шыбак жыттанган таза абасы шамал менен кошо бетиңди сыйпап өтөт. Кундун чыгып келе жатканын көруп ага чагылышкан Мадиген тоолоруну суктана карап турганмын. Айылымда кутмандуу таңды атырып жатканыма шүгүрчүлүк келтирип жатканым көпкө узабай эле:

- Эжеке, эжеке, кандайсыз? Бүгүн лагерь болобу ?-деп күлмүңдөгөн Ооматбек окуучум үйүмдү көздөй келип калды.

- Ай-и-и-й, Ооматбек, бүгүн жекшемби, дем алыш го?- десем, күлүмсүрөп мойнуна асынган сумкасын артка көтөрүп:

-Унутуп калыптырмын. . . Кечээ мектепке келбей калдым, эжеке, себеби апам Айжан эжеме акча салыптыр, Баткенге барып чачыма сурөт чийдирип тегиздетип келдим, - деп кудуңдап баш кийимин чечип чачын көрсөтуп калды.

- Мага аябай жакты, сонун го!-деп кубаттадым. Чынында Ооматбекке аябай жарашып калган эле. Экөөбуз бир сааттай сырдашып олтурдук.

-Эжеке, менин апам мектеп жабылса эле, өрүктун бышышына жакын келем деди.

- Аа, жакшы, аз эле калыптыр го, сенин туулган күнүңө чейин келип калат экен.

- Менин туулган күнүмдүн кайсы күн экенин билесизби?- деп жылмайды.

- Албетте, билем да ! Ал көпкө унчукпай туруп:

-Эжеке, эч ким апасын мен сагынгандай сагынбайт. . . Эжем, агам баары апам менен иши деле жоктой, мен болсо аябай сагындым. Чынын айтсам, бүгүн дем алыш экенин билем, эртең менен турсам апам жок болсо үйдө деле тургум келбейт, сизди бир көрсөм деп келдим. Анан сиздин атырыңыздын жыты менин апамдын атырынын жытына окшош. Анан мени ар дайым кучактап коёсуз -деп ойго бата түштү. Аны угуп жүрөгүм эзилип кетти, шаарга кеткен апасына, атасына ачуум келди.

- Эжеке, мен кеттим анда, Гүлжигиттин алдына барып ойноюн, ага кечээ келем дегем, - деп кошуна досунун уйунө жөнөдү, коё тур кел чай ичели деп уйгө киргизип, дасторкон жайып чай демдегенче эле балдарым ойгонуп:

- Ооматбек байке, мени менен ойнойсузбу?-деп төрт жаштагы балам кобурап Ооматбек менен чай ичти. Колуна момпосуй жана курут карматып узаттым.

Ооматбек класста да көңүлү ачык, жаман сүйлөбөгөн бала эле, бирок атасы менен апасы Россияга кеткенден кийин эле мунөзү да өзгөрүп калды. Апа- атасы кеткенине бир ай болбой эле класста болбогон нерселерге чыр чыгара турган болуп, орундук талашып, ыйлап эч ким менен тил табыша албай койду. Бат ачуусу келип, “сабактан кете берейинчи”?- деп эле сабакка болгон каалоо деле жоголду. Ооматбектин ар бир тапшырмасын апасына жөнөтүп турчубуз, себеби Ооматбек ошондой болушун каалачу. Ооматбек менин да үйүмө жакын жашайт, үй- бүлөдө беш бир туугандын эркетай уулу. Ооматбек беш жашында тамга таанып, беш жашка чейин эне сүтүн эмген апасынын “Манасы” эле.

Бир жолу:

- Эжеке, мектеп качан жабылат? Тез эле жабылса. . . - деп сабак учурунда сурап калды. Аны уккан окуучулар:

- Ооматбек, сен жалкоосуңбу? Эмне тезирээк жабылсын дейсиң?- деп шылдыңга салды. Ооматбек алардын сөзүнө маани да берген жок, себеби апасынын келишин күн санап күтүп калган эле.

-Күн өтсө болду, мектеп жабылса эле апам келет, -деп калды. Достору:

- Чоң эле баласың го?- деп күлүштү. Ошол күнү анын апасы Айгүл эже мага ватсап аркылуу видеозвонок менен байланышып калды, анын аябай ыйлап көздөру шишип калганын көрдум. Амандашып баласын сурады:

-Сен жиберген видеону көрдүм, аябай таасирдүү экен, чыдай албай жатам. . . -деп, көзүнө жаш тегеренип кетти.

Мен ата-энелердин группасына апасы шаарда жургөн баланын сагынычы тууралуу кыска видео жиберген болчумун. Баласы жөнүндө көпкө сүйлөшүп өзүнүн ден соолугуна байланыштуу миграцияда жүргөнүн айтты да, жакында келерин кошумчалап, Ооматбекти сүрөткө тартып таштап коёорумду өтүндү. Баарынан да Ооматбектин апасы жонундо айтылган ар бир сөзун жан дүйнөм менен берилип угуп, сагыныч менен кусалык коштолгон сөздөрүнөн мөлтүрөгөн көз жаштары мончок-мончок акканынан өзүм да кошулуп ыйлап алчумун.

Ооматбек классымда ата- энеси миграцияда жургөн жалгыз окуучу эмес эле, аны менен катар 2021-2022-окуу жылдарында 4-б классымда жалпы 19 окуучум болсо, 10 окуучумдун үй- бүлө мүчөлөрү миграцияда жүрчү, алардын арасынан Медер аттуу окуучумдун апасы 2 жашында таенесине таштап Россияга акча табууга кеткен. 9 жылдан бери таенесинин колунда чоңойду Медер жалгыз бой эненин жалгыз уулу болсо да, тагдыр анын энесин турмуш жолун ушундай жолго салды. Медердин колунда планшет, акча, кийим- баары бар болсо да, өз оюн эркин айта албайт, ар дайым коркуп турган, бирөөгө көз каранды, ички сезимдерин чыгара албаган бала. Медердин көкүлүнөн сылап, кучактап, сабакта алдына олтуруп сүйлөшүп, көңүлүнө карап ага мээрим төккөнгө аракет кылчумун. Төрт жыл окуса да апасы баласынын сабакка катышуусу, жетишүүсү, жүрүм –туруму жөнүндө байланышып сураган да жок, апасынын жузүн да көргөн жокмун. Байланышсам мени менен сүйлөшүүгө убактысы жок экенин айтты. Баласынын өсүүсүнө, билимине, келечегине кызыктар эмес. Баланын акча жагынан гана камкорчу эне деп айтсам болот. Медер “мен сыртка чыгып келейин?”- деген сөздү кулагыма шыбырап сурачу.

Ушул эле жылы Асылзат деген мыкты окуган, өзун таза, тыкан алып жургөн кызымдын да апасы Россияга эмгектенүүгө кетти. Асылзаттын апасы мектепке жакын дүкөндө иштегендиктен “апама айтам!”- деп өктөм сүйлөчү. Асылзат таптакыр өзгөрдү досторуна жакшы мамиледе болду, өзүн андан да тыкан алып, окуусун атасы үйдөн көзөмөлдөп турду. Энеси болушчаактын баласы ыйлаак болот турбайбы деген жыйынтыкка келдим. Калган окуучуларымдын атасы миграцияда жүргөндүктөн алардан атасы жөнүндө сагынганын айтып, кыргыз тил сабагында суйлөм түзүүдө атасын сөзсүз кошуп турушаар эле. “Эне ички тон, ата тышкы тон”, - дегенчелик, макул аталар кетсин ырыскы издеп, энелер эч болбоду дегенде балдары менен коломто тутантып, мээрим багып бирге болгонго не жетсин?!

Бул окуу жылында менин классым “Жылдын мыкты классы” аталып ийгилик бизге жылмайды. Ийгилигибизди ата-энелер менен бөлүшүп чогулуш өткөрдүм жана быйылкы окуу жылынын жыйынтыгы менен ар бир окуучуну атап, токтолуп өттүм. Ооматбекке келгенде жаш балача ыйладым, өзүмду кармана албай ыйладым. Көпкө көз жаш менен кошо энесин сагынган окуучуларымдын кантип окуп, кантип күн өткөргөндүгүн айтып:

- Суранам, энелер, балдарыныздарды, кыздарыңыздарды таштап акча үчүн кетпеңиздер! Алар мээримге муктаж, сиздерди аябай сагынабыз, суранам энелер!-деп, көзүмдөн жашымды агызып ыйлап да жаттым, сүйлөп да жаттым. Өңгүрөп ыйлап, көз

жашымды тыя албай, энелик сезимдерим козголуп, баласаак жаным баардык мигранттардын балдарын аяй берип, кыйналдым. Балдарыңар силердин көңүл, сүйүүңөргө, мээримиңерге муктаж. Телефон, кийим-кечектериңер унутулат, бирок энелигиңер, аталыгыңар эсте калат!-деп көзгө толгон жаштарым менен сурандым. Чогулушка келген энелерибиз мени менен кошо ыйлап жатты, аталар жөн гана жер тиктеп олтурду, себеби алардын балдары да энесин сагынган эле. 2023-жылдын 8-март куну мектепке саат 11 де барсам дарбаза алдында Ооматбек колума гүл карматып куттуктап кубантты. Адатымча мен аны кучактап койдум.

Марттын жыйырма бири. Ооматбегим жол кырсыгынан каза болду. Аттиң дүйнө! Сенин мынчалык өмүрүң кыскалыгын билгенде кө-өпкө кучагыма кысып турбайт белем! Мээримге толбогон көкүрөгү кусалыкка толуп, бул дуйнөдөн коштошуп кете берди. Ошол күнү Ооматбегим түшүмө кирди. “Көзүм жумулуп калды, эжей, көзүмдү ачыңызчы, эч нерсе көрбөй жатам!”-деп ыйлап жатты. Ооба, эч нерсе көрбөгөн жаш жаныңды ажал алып кетти арабыздан.

Балдарга бактылуу келечек, мыкты билим, заманбап үй-жай жана башка сансыз максаттарды орундатуу үчүн кичи мекенден ыраактап бара жаткан ар бир инсандын ой кыялы орундап, бактылуу бапырап жашоо насип эте бербейт экен. Миграциянын мен атаган бир эки окуясында эмне деген оош-кыйыштуу тагдырлар жатат. Көз жаздымда калып аталбай калган учурлар канча? Миграциялык агым үчүн бир тараптуу гана көз караштa карай албайбыз албетте, кайсы бир учурда биздин жетиштүү жашообуздун, тиричилик агымынын эң чоң өзөгү катары мигранттардын эмгегин баалай кетпесек дурус болбос. Анткени чет жердеги мекендештер ар кандай коомдук уюмдарды түзүшүп, айылдагы жакыр жашаган үй-бүлөлөргө материалдык жардамдарды, заманбап аялдама, балдар ойноочу аянтчаларды, аялдардын саламаттыгына кам көрүү максатында фитнес залдын эмеректерине каржылык жардам көрсөтүштү. Бул мекенчилдиктин эң бийик чокусу катары белгилөөгө татыктуу эмгек. Мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоого турмуштук сабак экени талашсыз. Анткени учурдагы абал балдардын келечегин, жашоого болгон көз карашын бир заматта өзгөрүүгө алып келиши ыктымал.

Себеби жалпы мектепте 520 окуучу болсо алардын 50% нын атасы миграцияда, 10% нын энеси миграцияда, 4% нын ата-энеси миграцияда. Миграциядагы уй бүлөлөрдүн көпчүлүгүнүн балдары кара жумушка көп тартылат себеби айыл жергесинде жашоо шарт ар дайым эле жакшы боло бербейт. Ошондой эле миграцияда жургөн учурда ар кандай мүчүлуштүктөрдөн улам каржы жагынан үй бүлөсүн камсыздап турбаса, балдары жеңил акча табуу үчүн ар кандай жолдорго барышат. Ата-энеси миграцияда жүргөн окуучуларга жоопкечиликтүү жакыны менен үзгүлтуксүз байланышып туруу керек, өспүрүм балдарды ар дайым көзөмөлдөп туруу абзел, себеби алар кыйынчылыктардан, сагынычтардан улам өз өмурүнө кол салышы мүмкүн. Мындай балдар менен сырдашып балада болгон көйгөйдү мумкүн болушунча оң жагына чечип колдоп берүү керек.

Борбордон 1000 км алыстыкта чек ара аймактарында жайгашкан биздин айылдарда жумушсуздук курч болгондуктан, акыркы 3 жыл ичинде айрыкча 2023-жылдын сентябрь айында болгон чыр чатактан кийин тургундар борбор калааны көздөй 60% үй бүлө көчүп кеткен болсо, алардын 30% кайра кайтып келишти калагандары борбор калаага, мүмкүнчүлүгү бары башка өлкөгө чыгып кетишти. Алардын катарында менин кошунам да бар болчу, чыр чатактан кийин 4 баласы менен борборду көздөй көчүп кетти.

Көчөлөрдөн бош үйлөрду көруп турам.

Ээлерини сагынып өксүп турам.
Качан келет билбеймин үйлөрүнө,
Куса болуп көз жашымды төгүп турам.
Жол көрунбөйт көчөлөрдүн чырагы жок,
Жаш бала жок көчөлөрдүн чырайы жок.
Эл болбосо күндүн дагы жарыгы жок,
Эл болбосо айылымдын тарыхы жок. (автор:Баширов Ж)-агайыбыз айткандай айылыбызда бара-бара жаш үй-бүлөлөр жеңил жана тынч жашоону кыялданып, борбор калаага олтурукташууну максат кылып, кетип жатышат. Жакынкы айылдагы Таш-Тумшук айылында 2 жыл мурда 80 окуучу болсо азыркы учурда 16 окуучу калган. Мындай көрүнүш адамды ойлондурбай койбойт. Биздин айылда да ушундай көрүнүш болуп калуудан корком. Ал эми биздин айылга Тажикстанда жашаган кыргыз жарандарынын көчүп келүүсү көбөйдү. Себеби аларга да ар тараптуу тажиктер тарабынан кысымдар жана зомбулуктар болгондуктан үй- жайларын таштап жакын тууганынын үйүнө көчүп чыгууга аргасыз болушкан. Аларга мамлекет тарабынан мыйзамдуу кыргыз жарандыгын алуу мүмкүнчүлүгү берилген. Кээ бирлери ар тараптуу кыйынчылыктан улам ажырашууга да дуушар болушту.

Буюрса жакынкы аралыктарда айылыбызга жаңы мектеп курулат деп үмүттөнүп турабыз. Биз 180 орундуу мектепте 3 мөөнөттө окуйбуз, ошондуктан айылыбыздын ар тараптуу муктаждыктарын мамлекетибиз колдоп, чегара маселесин чечип берсе көчүп кеткен үй-бүлөлөр кайра келет деп ойлоймун. Азыркы учурда биздин айылда эмгек мигранттары бар, бирок саналуу гана. Чек ара чыр- чатагынан кийин карапайым элдин курулуш иштери төмөндөгөн, ага чейин Тажикстандын жарандары убактылуу кара жумушка келип иштеп турчу. Кырдаалга байланыштуу мындай учурлар кескин токтогон. Элет жеринде ички жана сырткы миграциянын мындан да курчуп кетүүсү мүмкүн. Бирок менин эне жүрөгүм бейпил турмуш, жайдары жашоо жана жергебиздеги тынчтык ар бир мигрантты кичи мекенине сөзсүз кайтарарына ишенип турат. Анткени "Туулган жердин топурагы - алтын".